ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРДИН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМБЛЕЯСЫ

СОЦИАЛДЫК, МАДАНИЙ ЖАНА ГУМАНИТАРДЫК МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА КОМИССИЯ

**ОНУНЧУ ЖЫЙЫН**

**2023-жыл 2 март, Бишкек**

**Сунуштамалар**

**БУУнун сапаттуу билим берүү боюнча Туруктуу өнүгүү максатына (ТӨМ) жетүү үчүн ТүркПАга мүчө өлкөлөрдүн пост-пандемия кырдаалында транс чек аралык билим берүүнү өнүктүрүү боюнча кызматташуусу**

Билим берүү глобалдык калыбына келтирүү жана Туруктуу өнүгүүнүн бардык максаттарына жетүү үчүн маанилүү экенин **эске алып**,

Билим берүү негизги укук менен күчтүү, тынчтык жана туруктуу коомдордун негизи экендигин **көңүлгө алып**,

Билим берүү “жашыл” өтүүнүн негизи жана катализатору экенин **белгилеп**,

ТүркПА мүчө мамлекеттердин билим берүү тармагындагы прогрессти колдоонун жана андан ары илгерилетүүнүн маанилүүлүгүн **белгилеп**,

Адекваттуу билим берүү экономикалык жана социалдык прогресс үчүн илимди, технологияны жана адам ресурстарын өнүктүрүүнүн жана пайдалануунун маанилүү элементи болушуна **ишенип**,

Билим берүү тармагында эркектер менен аялдардын ортосундагы уланып жаткан ажырымга **терең тынчсыздануну билдирип**,

Физикалык же материалдык мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан бардык адамдар үчүн билимдин жеткиликтүүлүгүнүн **маанилүүлүгүн белгилеп**,

ТүркПА мүчө мамлекеттерге төмөнкүлөр **сунушталат**:

- Түрк мамлекеттеринин билим берүү системасын дүйнөнүн өнүккөн жана алдыңкы билим берүү системалары менен интеграцияланышы үчүн Болон процессине толугу менен кошулуу жана келечекте Европалык кредиттерди которуу жана топтоо системасын (ECTS) интеграциялоо;
- жогорку окуу жайлардын жана профессордук-окутуучулук курамдын ашыкча текшерүүлөрдү болтурбоо үчүн билим берүү системасын реформалоо боюнча иштерди жүргүзүү;
- топтолгон тажрыйбаны өз өлкөлөрүнө көчүрүү үчүн мугалимдерге багытталган тажрыйба алмашуунун жана тренингдердин сапаттуу системасын түзүү;
- кыймылда кыйынчылыгы бар адамдар үчүн билим алуунун жеткиликтүүлүгү, айлана-чөйрөнү жашылдандыруу, санариптик трансформацияны колдоо ж.б. сыяктуу маселелерди бир учурда чече турган дистанттык онлайн билим берүүнүн туруктуу системасын иштеп чыгуу;
- педагогикалык кадрлардын өз милдеттерин аткаруусу үчүн тиешелүү шарттарды жана талаптарды түзүү;
- Түрк дүйнөсү университеттеринин ассоциациясынын (TURKUNIB) жана Орхун процессинин мүчөлөрүнүн жана катышуучуларынын санын көбөйтүү аркылуу ТүркПА регионунун билим берүү потенциалын кеңейтүү.